А. Кудайкулов, БГУ

ДЕВИАНТТЫК ЖҮРҮШ-ТУРУШТУН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИНЕ КАРАТА

Бул макалада биз эмдиге чейин толук бойдон изилденип, учурдагы абал менен тыгыз байланышта болгон девианттык жүрүш-туруштардын мазмуну, багыттары жана өзгөчөлүктөрү бир кылка тартипке салынбагандыгын эске алып, бул көйгөйгө илимий жактан талдоо жүргүзүүнү максат кылдык.

Азыркы учурда биз бүткүл дүйнө олуттуу өзгөрүүлөргү дуушар болуп жаткан шартта жашап жатабыз. Мындай өзгөрүүлөрдүн эң маанилүү факторлору катары, мамлекет менен жарандардын ортосундагы, мамлекет менен бизнестин (ишкерликтин), жеке менчик капитал менен жарандардын ортосундагыжаңы тутум(система) менен тыгыз байланышкан экономикалык, саясий жана социалдык мамилелердин жаңы өзгөчөлүктөрү кабыл алынмакчы. Мурдатан колдонулуп келген көптөгөн көндүм категориялар өзүнүн маани-маңызын алмаштырып, жаңы мазмунга, жаңы мүнөзгө ээ болуусун улантууда. Мунун эң башкы, өзөктүн белгиси болуп, дүйнөнү глобализациялоо (ааламдаштыруу) жараяны (процеси) эсептелет. Өз учурунда, бул көрүнүштүн-каржылык (финансылык), экономикалык социалдык, саясий, маданий керектөөчүлүк, тилдик, руханий ж.б. өлчөмдөрү да бар экендиги белгилүү.

Ааламдаштыруу жараяны бүтүндөй дүйнөлүк коомдоштук менен иш жүзүнө бардык өлкөлөрдүн жашоо тартибин өзгөртүүгө алып келип, ар бир адамдын жашоосуна биринчи, жагынан-түз, экинчиденкыйыр түрдө таасир көрсөтүп жатат. Мындай көрүнүш толук бойдон бүгүнкү биздин Кыргыз Республикабызга жана анын тургундарына да толук бойдон мүнөздүү. Муну саясат таануучулардын, коом таануучулардын, социологдордун соңку учурлардагы илимий изилдөөлөрү (алардын ченелүү экенине карабастан) айкын ачык далилдеп келүүдө.

Эгерде биз билимдин, адамды курчап турган жаратылыштык жана социалдык чөйрө жөнүндөгү-иретке келтирилген (системалаштырылган) жана теориялык жактан тийиштүү талаптарга ылайыкташтырылган билим экендигин эске алсак, анда мындай билимди алыш үчүн таанып билүүнүн күчтүү каражаты катары, белгилүү бир ыкмалар, жолдор жана категорияларды пайдаланышыбыз зарыл. Ар бир илим өзүнүн категорияларын иштеп чыгат. Социалдык философияда,мисалы “коом”, “прогресс”, “коомдук аң-сезим”, “социалдык тиричилик”, “социалдык детерминизм”, “цивилизация”, “коомдук-экономикалык формация”, “гуманизм”, “девиация”, - деген категориялар колдонулат. Бирок, адамдар тигил же бул тарыхый фактыларга жана окуяларга карата болгон өздөрүнүн көз караштары менен мамилелерин улам өзгөртүп турушат. Мындан тышкары, ар бир адамдын жашоонун бардык түйүндүү маселелери менен көйгөйлөрүнө карата өзүнүн жекече мамилеси болот. Ошондуктан, адамдар социалдык чындык жөнүндөгү атайын ачык көз караштарын аныктоо өтө татаал маселе. Бул канча адам болсо, ошончо мүнөз болот деген эле, баштайынан белгилүү болгон түшүнүк.

Совет мамлекети кулап, бүгүнкү Орусия менен мурдагы союздук республикалар сыяктуу эле, эгемендүүлүккө, өз алдынчалыкка ээ болгон Кыргыз мамлекети биздин социалдык-экономикалык жана саясий айдыңында жүрүп жаткан өзгөрүү жараяндары бөтөнчө динамикага ээ. Өлкөдөгү саясий жана экономикалык тармактарын да план ченемдүүлүк жана ыраатуулук менен жүгүзүлүп жаткан аракеттерге карабастан, коомубузда айрым бир социалдык терс көрүнүштөрдүн орун алып келе жатканын жашырууга болбойт. Алар кайсылар? деген суроого биз, эң алды-кылмышкерлик, коррупция, паракорчулук, аракечтик, бангилик, алдамчылык сойкулук, адам сатуу жана жосунсуз жоруктар деп жооп берер элек. Мурда болуп көрбөгөн же өтө эле сейрек болгон коомубуздагы мындай жагымсыз көрүнүштөр бүтүндөй

мамлекеттибиздин коопсуздугуна, демократиялык жол менен өсүп-өнүгүшүбүзгө түздөн – түз коркунуч туудурушу ажеп эмес. Коррупция менен кылмышкерликтин (өзгөчө уюмдашкан кылымшкерлик топтордун) көптөгөн чөйрөлөрдө орун ээлеп жатканы –коом менен жарандардын жашоо турмушуна өзүнүн кыйла терс таасирин тийгизип, калкыбыздын бийликтинбардык бутактарына карата болгон ишеними менен маилесин төмөндөтүп жатат. Озунуп белгилей кетүүчү дагы бир маанилүү жагдай бул жаңы шайланган Жогорку Кеңештеги туруксуздук менен баш аламандык, Өкмөттүн курамынын жыл айланбай алмак-салмак алмашылышы, аты бар, заты жок саясий партиялар, коомдук бирикмелердин, анын ичинде “чет өлкөлүк агенттер” деген атка конгон Өкмөттүк эмес уюмдардын (ӨЭУ) жайнап кетиши да өлкөдөгү жалпы кырдаалга өзүнүн жагымсыз таасирин жайылтып жатат деп, түз эле айтууга болот. Ошондой болсо да бул – белгиленип кеткен оңтойсуз көрүнүштөрдүн күч алып кетиши-өлкөнүн жалпы эле саясий, социалдык, экономикалык жана руханий көйгөйлөрүнүн топтолуп кетиши жана алардын канаттандыраарлык деңгээлде чечилбей келе жаткандыгы менен түшүндүрүлөт дээр элек. Эгерде коомубуз жашоонун нормалдуу, сергек мүнөзүнө келишин же кайрадан түзүлүп аны кайрадан чыгышын кааласак анда, биздин оюбузча өлкөдө орун алган бул багыттагы опурталдуу окуяларды көз алдына ачык элестетиши зарыл. Экинчиден, социалдык тармактын - кызматкер адистери эки тарап үчүн айрыкча пайдалуу болгон таасирдүү жана натыйжалуу өз ара аракеттенүүнүн ийкемдүү ыкмаларын жана жолдорун издеп табышы талапка ылайык болоор эле деген пикирдебиз.

Албетте, эгемендүүлүктүн алгачкы баскычына мүнөздүү болгон (1991-2010) кримонегендин кырдаалга (бандитизм, мародёрлук, рекет, уурулук ж.б.)салыштырмалуу, соңку чактарда укук коргоо органдары, коомчулук, билим берүү, социалдык тармактар тарабынанбул көрүнүшкө каршы күрөштүн кыйла даражада күчөтүлүп жаткандыгын четке кагууга болбойт. Ошентсе да, мындай аракеттер ырааттуу, пландуу, уюшкандык түрдө жүргүзүлбөгөндүктөн, ошол иш - аракеттердин натыйжалуулугу төмөн болуп, биз күткөндөй натыйжаларды бербей жатат. Буга республикабыздыгы спирттик ичимдиктерди ашкере пайдалануу, банги заттарды керектөөчүлөр менен кыздар арасындагы (коркунучтуусу-жашы жете электер) сойкулуктун, социалдык жактан коркунучтуу болгон ВИЧ/СПИД, кургак учук ж.б. оор дарттардын деңгээлинин өсүшү айкын тастыктап турат.

Түзүлгөн мындай кырдаал адамдардын девианттык турмушуна адистер тарабынан такай көңүл бөлүүнү жана анын ички-тышкы себептери менен кыймылдаткыч күчтөрү терең изилдеп, тийиштүү тыянак чыгаруу аркылуу, зарыл болгон жана талап кылынган сунуштарды, кеңештерди иштеп чыгууну талап кылып, күн тартибине коюп олтурат.

Дээрлик бардык коомдордогу айрым адамдардын жекече жүрүш-турушу кээ бир кездерде өз алкагынын чегинен чыгып кеткен учурлар өтө арбын кезиге тургандыгын турмуш далилдеп келе жатпайбы. Девиация жөнүндө ал жүрүш-туруштун айрым формаларына гана тийиштүү көрүнүш деп айтууга болбойт. Иш жүзүндө, бул жүрүш- туруштун даана үлгүлөрүнө жүктөлгөн баа бере турган аныктама болуп саналат. Ошондуктан социалдык турмуш үчүн конформизм б.а. эпчилдик, өзгөрмөлүк, колдонулуп келе жаткан тартип-эрежеге кайдыгер кароо, өз алдынча ээлеген ордунун жоктугу гана эмес, ошондой эле, четке чыгып кетүү да мүнөздүү болот деп эсептешет илимпоздор.

Мына, дал ушул өңүттөн алып караганда, девиация же девианттык жүрүш-туруш деген аталыш социалдык илимдерде ошол коомдо жалпы бирдей кабыл алынган ченемдер (нормалар) менен эрежелерди буза турган жүрүш –туруш (тартип бузуулар, кылмышкерлик, алкоголизм, баңгилик, сойкулук ж.б.) деген түшүнүктү бидирип турат. Девианттык жүрүш-туруш-ту болтурбай, ага бөгөт коюш үчүн өзүнчө социалдык нормалар, б.а. тапшырмалар, талаптар, каалолор жана ылайык келүүчү (коомдо колдоого алынуучу) жүрүш-турушту күтүү ыкма методу колдонулат. Социалдык нормалар өздөрүнүн түрлөрү боюнча бөлүнүп турат:

1-түрү. Бул майда топтордо (жаштардын бирикмелеринде, достордун компанияларында, үй-бүлөөдө, жумушчу бригадаларда, спорттук командаларда) гана пайда болгон жана жашап жаткан нормалар.

2-түрү. Бул чоң топтордо же бүтүндөй коомдо келип чыккан нормалар. Алар “жалпы эрежелер” деп аталат. Социалдык бардык нормаларды алардын канчалык деңгээлде так аткарылып жаткандыгына жараша, жиктелиштирүүгө (класификациялоого) болот:

- Кайсы бир нормаларды бузганды үчүн жумшак жаза-кубаттабоо, мыйыгынан жылмайып коюу, жактырбаган өңдүү мамлилелер колдонулат.
- Башка нормаларды бузгандыгы үчүн катуу чаралар-абакка олтургузуу, өмүр бою кесүү, кала берсе, өлүм жазасына тартууга чейинка айыптар тагылат. Формалдык нормаларды бузуу делинквенттиктер (кылмышкерлик) жүрүш-туруш, ал эми формалдык эмес нормаларды бузуу-**девианттык (четке чыгып кетүүчүлүк) деп аталат.**
- Девианттык жүрүш- турушка жазыктык кылмышкерлик, аракечтик, баңгилик, сойкулук, гемосексуализм, кумар оюндары, психикалык оорулар, өзүнөзү өлтүрүү кирет. Девианттык жүрүш- туруштун объектилеринин катарына психикалык патологиянын (нормалдуу абалын жоготуунун) айрым түрлөрү менен жапа чеккендер жана анын негизинде, адепсиз кылык-жоруктарды жасоого, денеге зыян келтирүүгө жана өзүн өзү өлтүрүүгө аракет кылуу колунан келген адамдарды кошууга болот.
- Девиациянын себептерин изилдөөчүлөр 19-кылымдын аягында, 20-кылымдын башында биологиялык жана психолгиялык факторлор менен түшүндүрүшкөн. Алсак италиялык дарыгер Цезаре Ломброзо кылмышкерлик жүрүш-туруш менен адамдын биологиялык өзгөчөлүктөрүнүн ортосунда түздөн-түз байланыш бар деп эсептеген. Уильям Х.Шелдон адамдын денесинин түзүлүшү-анын мүнөзүнүн белгилерин аныктап турат деп түшүндүргөн. Э.Дюркейм социалдык жана маданий факторлордун маанисин ача турган аномия (франц. anomie- мыйзамдын, уюмдун жоктугу) терориясын сунуш кылган. Анын көз карашы боюнча, девиациянын негизги себеби болуп, аномия эсептелет, б.а. “регуляциянын” (багыт берүүнүн, тартипке салуунун) жоктугу саналат. Иш жүзүндө, аномия - бул баалуулуктар, нормалар, социалдык байланыштар же жок, же туруксуз жана карама-каршы болгон кездеги коомдун ыркынын бузулуш абалга келиши деген илимий аныктама.

Коомдо орун алып келаткан ар кандай девианттык көрүнөштөрдүн келип чыгышы жана алардын түп тамырына чейин жоюлбай жатканына, биздин оюбуз-

ча, жеке адамдын терс, жагымсыз жүрүш- турушутары гана эмес, эң алды, өлкөдөгү көптөгөн чиеленген экономикалык-социалдык, экономикалык-руханий көйгөйлөрдүн чечилбей жатканы жолтоо болууда. Алардын катарына: жумушсуздук (бөтөнчө жаштар арасында), эмгек акынын аздыгы, пенсиялардын төмөндүгү, эл керектөөчү тамак-аш продукциялары менен буюм таймга болгон баалардын кымбатташы, миграция маселелери, турмуш- тиричилик, медициналык жактан тейлөө деңгээлинин канааттандырарлык эместиги ж.б. жагдайлар кирет. Анан, албетте, ага өзүнүн терс таасирин учурдагы экономикалык-каржылык кризис, доллардын наркынын улам термелиши да тийгизип жатканын эч ким тана албайт.

Тилекке каршы, республикадагы тиешелүү органдар, массалык маалымат каражаттары девиация жөнүндө калк арасындакеңири түшүндүрүү иштерин тийди качты, солгун таасирсиз, анын көрүнүштөрүн болтурбоону же азайтууну алдын алуу иштеринин канагантандыраарлык даражада жүргүзбөй жатканын өзгөчө белгилеп кетүүгө тийишпиз. Ушул өңүттөн алып караганда, биздин илимпоздорубуз, саясат таануучулар, социологдор, психологдор, медицина кызматкерлер жалпы эле бул маселе менен алектенген адистер, билим берүү тармактарынын өкүлдөрү, эксперттер, серепчилер да бизге карыз экендигин баса белгилеп кетүүгө милдеттүүбүз.

Адабияттар

1. Гилинский Я. И.Девиантология. — 2-е изд. СПб.:Изд-во «Юридический центр Пресс», 2007.
2. Козаченко И.Я., Корсаков К.В. Криминология: Учебник. -М.: Норма-Инфра-М, 2011.
3. Кожогелдиев С.,Кожогелдиева К.М.Педагогикалык психология. - Б., 2011.
4. Радугин А.А., Радугин К.А. Социология. Курс лекций. - М.: Центр, 1997.
5. Московский государственный социальный университет. Девиантное поведение детей и подростков: проблемы и пути их решения // Материалы Московской городской научно-практической конференции. - М.: Союз, 1996.
6. Меренков А. В. Социальный портрет современной проститутки. Социс. – 2000.